| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ЖАРГЫЛЧАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА ЖАРГЫЛЧАК** |

***Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин***
**I чакырылышындагы 6 сессиясынын**

**№ 88 ТОКТОМУ**

15.10.2025. Даркан айылы

**Кыргыз Республикасынын IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22- сентябрындагы “IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” № 270 Жарлыгын жана кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу боюнча комитетинин 2025-жылдын 25-сентябрындагы № 20 чечими менен бекитилген нускаманын жана календардык планын аткаруу максатында Жаргылчак айылдык кенеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын кезектеги IV Элдик Курултайы 2025-жылдын 22-декабрында Бишкек шаарына чакыртылганы эске алынсын жана биринчи Элдик Курултайга айыл аймагы боюнча эки делегат шайлана тургандыгы белгиленсин.
2. Жаргылчак айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Элдик Курултайына делегатты шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрына саат 10-00гө Даркан айылдык маданият үйүнө чакырылсын.
3. Жаргылчак айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын кезектеги IV Элдик Курултайына делегаттарды шайлоо айыл элинин санына жараша 80 делегат, анын ичинен Даркан айылынан 29 делегат, Жеңиш айылынан 14 делегат, Ак-Терек айылынан 17 делегат, Кичи-Жаргылчак айылынан 15, Чоң-Жаргылчак айылынан 5 делегат шайланаары белгиленсин.
4. Кыргыз Республикасынын кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жарандардын жыйындарын өткөрүү графиги № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Кыргыз Республикасынын кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрү боюнча жумушчу тобу 23 адамдан түзүлсүн жана курамы № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.К.Баякунов**

Акматов Н